КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 16-июлу №46** **Чалдовар айыл**

**Фрунзе айыл аймагынын аймагында жайгашкан карьерлерди башкарууга Фрунзе айыл өкмөтүнө макулдук берүү жана 2025-жылдын 20-марты №28 токтомун күчүн жоготту деп табуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-пунктуна ылайык, табигый ресурстарды натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу, айыл өкмөтүнүн муктаждыктарын камсыз кылуу жана жергиликтүү инфраструктура менен экономиканы өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду ишке ашыруу максатында, Фрунзе айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Фрунзе айыл аймагынын, аймагында жайгашкан карьерлерди айыл өкмөтүнүн муктаждыктары үчүн да, коммерциялык максаттар үчүн да, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдаланууга жана башкарууга макулдук берилсин.

2. Карьерлерди пайдалануу процесси ачык-айкын жүргүзүлүп, жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктары жана экологиялык ченемдер сөзсүз түрдө эске алынсын.

3.Фрунзе айылдык кеңешинин 2025-жылдын 20-мартындагы №28 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Фрунзе айылдык кеңешинин бюджет жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**